КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЖАШТАР ИШТЕРИ, ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК
www.jashtar.gov.kg www.sport.gov.kg
ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ МОЛОДЕЖИ, ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Талас облустук жаштар Кеңеши

# ЖАЙКЫ ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ



"Спорт - ден соолуктун булагы"

*"Спорт - ден соолуктун булагы"*

# ЖАЙКЫ ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

окуу усулдук колдонмо

Бишкек – 2019

ЖАЙКЫ ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ
(окуу усулдук колдонмо)

Бул окуу усулдук колдонмо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин “Мамлекеттик социалдык заказ” программасы аркылуу каржылоого алынып, “Талас облустук жаштар Кеңеши” коомдук бирикмеси тарабынан жүзөгө ашырылууда.

**Түзгөндөр:**
**Адилет Камчыбеков** – Кыргыз Республикасынын
Эл аралык класстагы спорт чебери.

**Асеин уулу Азамат** – "Талас облустук жаштар Кеңеши"
коомдук бирикмесинин "долбоорлор менен иштөө" бөлүмүнүн жетекчиси.

**Сын пикирчи:**
**Канат Мамбеталиев** – Педагогика илимдеринин талапкери,
профессор, Кыргыз Республикасынын дене тарбия маданиятына жана
спортуна эмгек сиңирген ишмери.

Колуңуздагы окуу усулдук колдонмонун негизги максаты, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды дене тарбия жана спорт аркылуу дени сак жашоого үндөө, коомго социалдаштыруу жана интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү болуп саналат. Окуу усулдук колдонмо өзгөчө дене тарбия мугалимдерине, машыктыруучуларга жана жалпы окурмандар үчүн сунушталат. Окуу усулдук колдонмонун биринчи бөлүгү жайкы Паралимпиада оюндарынын сыпаттамасын жана жалпы мүнөздөмөсүн берет. Экинчи бөлүмү кыргыз паралимпиадачылары жөнүндө баяндайт. Үчүнчү бөлүмү Паралимпиада оюндарынын тарыхын чагылдырат.

# КИРИШ СӨЗ



Спорт – бул адам баласын дени сак жашоого үндөп, жашоо мүнөзүн сергек өткөзүүгө чоң шарт түзөт. Паралимпиада оюндарынын негизги аракети болуп, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды спорт аркылуу психологиялык жактан тең салмактуулукка жана толук кандуу жашоо мүнөзүн жүргүзүүгө багыт берет. Паралимпиада оюндарынын автору Улуу Британиялык нейрохирург Людвиг Гутман, спорт менен машыгуу эң жогорку реабилитациянын түрү экенин тастыктаган. 1960-жылдан тарта Паралимпиада оюндары ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга стимул берип, коомго социалдашуусуна чоң түрткү болгон. Паралимпиада оюндарында Кыргыз Республикасынын кадыр-баркын көтөрүү максатында беш жолку Паралимпиада оюндарынын катышуучусу Роман Өмүрбеков, эки жолку Паралимпиада оюндарынын катышуучусу Эсен Калиев, Паралимпиада оюндарынын катышуучулары Жыргалбек Оросбаев, Ниязбек Чалиев, Арстанбек Базаркулов, Эдуард Гисов жана Шавкат Мугалимовдор бар. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген машыктыруучусу Аднан Джабраиловдун жетекчилигинде, пауэрлифтинг курама командасы ири мелдештерде ийгилик көргөзүп жатканына баарыбыз күбөбүз. Өлкөбүздө пара триатлон, пара дзюдо жана пара жеңил атлетика спорттун түрлөрү өнүгүү менен спортчуларыбыз эл аралык ири мелдештерде байгелүү орундарды багындырып келүүдө. Аймактарыбызда Паралимпиада оюндарын тааныштыруу иштери жүрүп, аймактык өзүн-өзү башкаруу органдары менен биргеликте өнүктүрүү стратегиялык багыттары иштелүүдө. Улутубуз узак өмүр сүрүш үчүн - ар бирибиз дене тарбия жана спорт менен машыгуубуз милдет!

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Аманкулов Канат Маратович**

# ЖАЙКЫ ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ



## АКАДЕМИЯЛЫК ГРЕБЛЯ

**Эл аралык федерациясы: World Rowing Federation (FISA)**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Адамдын колу-бутунун кыскалыгы, моюн бөлүктөрүнүн ишке жарамсыз бөлүгү.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

LTA-классы: (кол, бут жана дене бөлүгү ишке жарамдуу), бул класска кайык менен сүзүү учурунда жана жылдырууда колу, буту жана денеси жардам бере ала турган спортчулар кирет.

ТА-классы: (дене бөлүгү жана колу ишке жарамдуу ), бул класска байдарканы жылдырууда жана аны менен сүзүүдө дененин жогорку бөлүгү гана жардам бере ала турган спортчулар кирет.

А-классы: (колу гана жөндөмдүү), бул класска байдарка менен сүзүүгө колу гана жардам бере алган жарандар кирет, башкача айтканда буту да денеси да жабыркаган абалдагы жарандар.

**СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ**

Бул спорт түрүнө жарыштар аялдар жана эркектер арасында, бир кайыкка жуп болуп жана төрт адамдан турган топ катышууга мүмкүндүгү бар.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Негизги инвентарь FISA стандарттары боюнча бекитилген кайык болуп эсептелет. Спорттун бул түрүнө катышуучулар адаптацияланган курал-жабдыктары бар кайык менен катыша алат.








## БОЧЧА

**Эл аралык федерациясы: Boccia international Sport Federation (BISFed)**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

БЦШнын (ДЦП) түрдүү формалары, адамдын колу-бутунун кыскалыгы, моюн бөлүктөрүнүн ишке жарамсыз бөлүгү, интеллектуалдык жактан бузулгандары.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

BC 1 - церебралдык бузулуулардан улам, спортчуларга колу жана буту аз колдонулат. Бирок топту өзү ыргытууга, топту буту менен тебүүгө жөндөмү бар. Бул топтогу спортчулар жардамчы алууга, колясканы оюн шартына ылайык орнотуп берүүнү сурана алат.

BC 2 - топту ыргытууга жана эркин колдонууга ыгы келген спортчулар. Бул топтогу спортчулар жарыш учурунда жардамчы алууга жана колясканы орноттурууга укук берилбейт.

ВС 3 - бул бөлүк БЦШнын бузулуусу жогорку болгон спортчулар үчүн (дененин локомотордук дисфункциясы), топту ыргытууга таяныч-кыймыл тутуму жөндөмдүү эмес (топту кармоого жөндөмү келбеген спортчулар), бул топтогу спортчуларга топту ыргытуу үчүн жардамчы жана кошумча инвентарь керектелет.

ВС 4 - дене-мүчөсүнүн көпчүлүк бөлүгү дисфункцияланган, башкаруу жөндөмү аз, бирок топту кармоо шыгы барлар. Бул топко кирген спортчулар жардамчы алууга мүмкүнчүлүгү жок.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Бул спорттун түрүндө жуптук же командалык оюндар өткөрүлөт. Ар бир тарапта тиешелүү түрдө 6 дан кызыл жана көк түстөгү топтор болушу шарт. Оюндагы негизги максаттуу топ болуп ак түстөгү джэкбол эсептелет. Аталган спорттун түрүндө Эндами оюну 4 ирээт өткөрүлөт. Максаты: Спортчу ыргыткан топ ак түстөгү джекбол тобунун айланасына көбүрөөк жакындап, каршылашынын тобун четтетүү. Оюнду кызыл түстөгү топтун ээси баштайт. Утушка упайы көп топтолгон катышуучу (индивидуалдык) же команда ээ болот. Оюндун 3 түрү бар: жеке, жупташкан жана командалык. Командалык оюн 6 Эндамиге созулат.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Оюн үчүн 6x12,5 m аянтындагы талаа, атайын Бочча үчүн жасалган топ (булгарыдан жасалган, салмагы 275 г+/-12г. диаметри болжолдуу 8,6 см), штангенциркуль, судьялар үчүн ракетка , топту жүгүртүүчү түтүкчө бастырмалар үчүн.












## АРАБА МЕНЕН БАСКЕТБОЛ

**Эл аралык федерациясы: International Wheelchair Basketball Federation (IWBF)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы жана ишке жарамсыз бөлүгү.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Оюнчулар Эл аралык IWBF - Комиссиясы тарабынан төмөнкү классификациясы боюнча: 1.0,1.5,2.0, 2.5, 3.0, 3.5, 4.0 жана 4.5. (балл менен) аныкталат. Төмөндөн жогору карай алганда ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген спортчулар 3-топтогу майыптар ойной алса, 1-топтогу майыптыгы бар спортчулар жогорудан төмөндү карай классификация боюнча эсептелет. Калган балл комиссия аныктаган жеткиликтүүлүк даражасында бекитилет (майыптыгына жараша баа берилген соң).

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Араба менен баскетбол оюну кадимки баскетболго окшош. Спорттук аянтча жана топту салуучу баштыкча стандарттык өлчөмдө гана бекитилет, башкача айтканда кадимки баскетболдон айрымасы жок. Оюн учурунда топту бири бирине берүү, ыргытуу жерге уруу же талапка жооп берген абалда башка жактарга алып кетүүгө уруксат берилет. Оюнчу колясканын дөнгөлөгүң эки ирээт айланткан учурда топту өнөгүнө берүүгө же жерге урууга милдеттүү. Бул спорттук оюндун максаты каршылаш команданын баштыкчасына топту салуу.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Араба менен ойноочу баскетбол талаасы резина капталган болушу шарт. Талаанын аянты узундугу 28 м, туурасы 15м. Мындан тышкары Эл аралык федерация оюн талаанын стандарттарын өзгөртүүгө укуктуу. Мисалы: узундугу 26 м, туурасы 14 м. Оюн талаасындагы сызыктар 5 см тууралыкта бир өңдө болуусу шарт (мүмкүн болушунча ак түс).












# ОЛТУРУП ОЙНООЧУ ВОЛЕЙБОЛ

**Эл аралык федерациясы: WPV (World Para Volley)**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**
Бузуулар: адамдын колу-бутунун кыскалыгы, ампутацияланышы.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**
А-1 классы – жамбаштын эки жагынын ампутацияланышы,
А-2 классы – жамбаштын бир жагынын ампутацияланышы,
А-3 классы – эки буттун тизеге чейинки бөлүгүнүн ампутацияланышы,
А-4 класы – бир буттун тизеге чейинки бөлүгүнүн ампутацияланышы,
А-5 классы – ийиндин эки жагынын ампутацияланышы,
А-6 классы – ийиндин бир жагынын ампутацияланышы,
А-7 классы – дененин ийнине чейинки эки жагынын ампутацияланышы,
А-8 классы – дененин ийнине чейинки бир жагынын ампутацияланышы,
А-9 классы – дене-мүчөнүн жогорку же төмөнкү бөлүгүнүн аралаш ампутацияланышы.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Олтуруп ойноочу волейболду 6 адамдан турган эки команда, оюн талаага тагылган торчо жана топ менен экиге бөлүнүп ойношот. Оюнчулардын позициясы дене-боюнан жабыркаган абалдагы көчүгү менен олтуруусу боюнча текшерилет. Оюн учурунда катышуучулар көчүгү менен жылууга жана денесинин ар кайсы бөлүгү менен аянтчаны көзөмөлдөөгө укук берилсе, өйдө туруугa, денесин көтөрүүгө жана басууга укугу жок. Оюндун эрежеси боюнча классикалык волейболдон эки негизги айрымачылыгы бар. Алар сызыктын алдында турган учурда блокту жабууга укуктуу жана топ колго тийген учурда оюнчу ордунан жылбашы керек. Калган эрежелер классикалык волейболдон айырмаланбайт.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Аянты 10х6 м., бөлүп турган торчонун узундугу эркектер үчүн 1.15. м., аялдар үчүн 1,05 м бийиктикте болушу шарт. Топтун диаметри болжолдуу 21 см түзөт, ал эми массасы 260-280 грамм. Чабуулдун сызыгы борбордук сызыктан 2 м аралыкта жүргүзүлөт.









# ГОЛБОЛ

**Эл аралык голбол федерациясы: IBSA (International Blind Sport Association)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Көзү азиз же көзүнөн жабыркаган атлеттер үчүн.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спорттун бул түрүнө катышуучулары эл аралык стандарттагы адистердин классификациясынан өтөт жана ал үч класска бөлүнөт:

B1 классы – көзү азиз атлеттер,

B2 классы – көздүн курчтуулугу 0,03% же көрүү талаасы 5°С (градус) чейинкилер,

B3 классы – көздүн курчтуулугу 0,03-0,01% же көрүү талаасы 20°С (градус) чейинкилер.

### СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Оюнга 3 адамдан турган 2 команда катыша алат. Алар эркектер жана аялдардан түзүлүүгө болот. Оюндун негизги тапшырмасы болуп конгуроо менен жабдылган топту каршылаштын дарбазасына тоголотуу болуп эсептелет. Оюнчулар добуштун ыргагына карата топту тозуп алып, аны берки командадын аймагына ыргытуу.

### ЖАБДЫЛЫШЫ

Спорттук аянтча, 9х1.3 м өлчөмдөгү атайын даярдалган дарбаза, голболго ылайыкталган коңгуроосу бар топ жана жарык өткөрбөөчү көз таңуучу материал.
















# АТ ОЮНУ

**Эл аралык федерациясы: Federation Equestre Internationale (FEI)**

## СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Эл аралык Паралимпиаданын ат оюндарына көзүнөн жабыркаган, буту же колу кыска жана таянычы жок (буту кесилген) ампутацияланган спортчулар катыша алат.

## КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Ат үстүндөгү мелдештерге классификация боюнча жалпы 5 деңгээл каралган. Биринчи деңгээлден бешинчи деңгээлге чейин спортчулардын ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жогорку даражалары боюнча эл аралык лицензияланган классификатор тарабынан аныкталат. Оюнга катышуунун арызы спортчу тарабынан 6-12 ай мурда берилиши керек.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Жеке мелдеште чабандес, эки дисциплинада чеберчилигин көрсөтөт. Алар кюр жана милдетүү программада. Кюр жана эркин стиль - бул жеке жактардын музыка алдында хореографиялык аткаруусу, башкача айтканда бул кыймыл кайсыл эрежелерди камтыйт экенин даана көрсөтүп берүү, милдеттүү программа атайын түзүлгөн тесттин негизиндеги эрежелерди камтыйт.

1-деңгээлде баардык көнүгүүлөр жана тапшырмалар кадамдар аркылуу аткарылат,

2-деңгээлде белгиленген элементтер менен сүлөөсүндүн кадамы сымал аткарылат,

3-деңгээлде сүлөөсүндүн кадамы сымал басуулар,

4-деңгээлде кадамдоо, галоп жана капталдап бастыруу,

5-деңгээлде кадамдоо, галоп, сүлөөсүн сымал бастыруу, алдыга жана артка бастыруу ж.б.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Класстарга карата чабандеске ээр токумга бекемдеп олтуруу үчүн оролмо берүү, девоншир бут кийими, ээр токумга бекитилүүчү инвентарлар, ат жабдуулары, шлем ж.б.








## ПАРА ДЗЮДО

**Эл аралык федерациясы: IBSA (International Blind Sport Association)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Көзү азиз же көзүнөн жабыркаган атлеттер үчүн.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спорттун бул түрүнө катышуучулары эл аралык стандарттагы адистердин классификациясынан өтөт жана ал үч класска бөлүнөт:

В1 классы – көзү азиз атлеттер,

В2 классы – көздүн курчтуулугу 0,03% же көрүү талаасы 5°С (градус) чейинкилер,

В3 классы – көздүн курчтуулугу 0,03-0,01% же көрүү талаасы 20°С (градус)чейинкилер.

**СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ**

Дзюдо оюнунун негизги тапшырмасы бул көтөрүп ыргытуу, ыкмага салып жыгуу, бөгөттөө. Күрөштүн греко-рим жана эркин түрлөрүнөн айрымаланып дзюдо оюнунда физикалык күч анчалык талап кылынбайт, бул оюнда ыкмаларды колдонууда чеберчилигине жараша баа берилет.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Спорттук аянтча, татами, кимоно.











# ПАРА ОК АТУУ

**Эл аралык федерациясы: World Para Shooting Federation**

## СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын дене-мүчөсүнүн жогорку же төмөнкү бөлүгүнүн ампутацияланышы.

## КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

SH1-тапанча SH1-мылтык SH2-мылтык,

SH1-мылтыкты кошумча каражатсыз кармоого мүмкүнчүлүгу бар жарандар,

SH2-мылтык кармоого башка адамдын жардамы же кошумча каражат менен кармаган спортчулар.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Мелдештин максаты 10 шкаладагы айлананын так ортосундагы бутага атуу

Ок атуу төмөндөгү 3 позицияда жасалат:

- Өйдө туруп ок атуу (туруп же олтуруп кошумча каражатсыз мылтык кармап атуу),

- Тизелеп олтуруп ок атуу (тизелеп, кошумча каражат менен мылтыкты кармап атуу),
- Жерге жатып ок атуу (кошумча эки колго тең жардам менен мылтык атуу),

Мелдештер эки категорияда өтөт, алар 10-25-50 метр аралыкта винтовка жана тапанча менен атуу.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Спортчу винтовканы 22-калибрдеги огу менен колдонсо, аба тапанчасында (CO2 элементи камтылган газдуу же пружиналуу ок) колдонот. Ал эми 25 м аралыкта 5,6 мм өлчөмдөгү окту пайдаланалат.










## ПАРА ҮСТӨЛ ТЕННИСИ

**Эл аралык федерациясы: International Table Tennis Federation (ITTF)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

БЦШнын (ДЦП) түрдүү формалары, адамдын колу-бутунун кыскалыгы, моюн бөлүктөрүнүн ишке жарамсыз бөлүгү, интеллектуалдык жактан бузулгандары.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спортчулар дене-мүчөсүнүн функционалдык иштөөсүнө жараша он класска бөлүнөт:

1-5 – класска чейинки спортчулар мелдеш учурунда кресло-коляскада болот,

6-10 – класска чейинки спортчулар буту менен басып ойноого мүмкүнчүлүгү барлар.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Пара үстөл үстүндөгү теннис оюну шарикти ракетка менен столдун ортосунан тартылган торчо аркылуу каршылашынын аянтына өткөрүү болуп саналат. Программада жеке оюн менен катар аял жана эркектерден турган командалык бирикмелер да каралган.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Спорттук аянтча, үстөл тенниси, ракетка, шарик












## ПАРА ЖЕҢИЛ АТЛЕТИКА

**Эл аралык федерациясы: World Para Athletics– ( IPC Athletics)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын бутунун, боюнун кыскалыгы же ампутацияланышы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы - ишке жарамсыз бөлүгү, БЦШ-церребралдык паралич. Атлеттер функционалдык классификациясына жараша жарышат.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спортчулар майыптыгы боюнча атайын белгиленген топторго бөлүнөт. Алардын мелдештерге чыгуусуна таасир этет.

11-13-класстагы спортчулар көрүү жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү,

20-класстагы спортчулар аң сезим (интелект) жактан жабыркагандар,

31-38-класстагы спортчулар церебралдык паралич менен ооругандар,

31-34-класстагы спортчулар жарышка кресло-коляска менен түшөт,

40-46-класстагы спортчулар боюнан жана буттарынын кемтиги барлар,

51-57-класстагы спортчулар кресло-коляскада олтурган абалда жарышууга жөндөмдүүлөр.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Спорттун бул түрүндөгү аял эркектер, майыптыгы боюнча түрдүү класстарга бөлүнүп жарышка түшөт. Жеңил атлетика төмөндөгү бөлүктөрдү өзүнө камтыйт:

- Жакынкы аралыкка чуркоо (100-200-400 м),
- Орто аралыкка чуркоо (800-1500 м),
- Узак аралыкка чуркоо (5000-10000 м),
- Эстафета (4Х100, 4Х400),
- Марафон ,
- Алыстыкка секирүү, бийиктикке үч кабаттап секирүү,
- Диск ыргытуу, найза ыргытуу, ядро ыргытуу.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Чуркоого, секирүүгө, найза ыргытууга, ядро ыргытууга ылайыкталган спорттук кийим жана бут кийим, чуркоого ылайыкталган спорттук аянтча, секирүүгө ылайыкталган чуңкур.










## ПАРА КАНОЭ

**Эл аралык федерациясы: International Canoe Federation (ICF)**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Адамдын колу-бутунун кыскалыгы, моюн бөлүктөрүнүн ишке жарамсыз бөлүгү.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

Спортчулар 3 спорттук класска бөлүнөт, алар төмөндөгүдөй:

- KL 1 (буту-колу, денеси жарамдуу) бул класска сүзүүчүнүн аталган бөлүктөрү жарамдуу болот,
- KL 2 (дене бөлүгү жана колу жарамдуу) бул класска сүзүүчүнүн аракети үчүн колу жана денеси жарамдуу болот,
- KL 3 (колу гана жарамдуу) бул класска спортчунун колу гана кыймылдаган абалдагысы кирет.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Бул спорт мелдеши жарыш режиминде өтөт. Спортчунун тапшырмасы маарага биринчилерден болуп келүү. Жарышуулар 200 м аралыкта байдарка жана каноэнин жардамы менен өтөт.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Негизги инвентарь пара каноэ кайыгы, суу өткөрбөөчү кийимдер.











## ПАРА ПАУЭРЛИФТИНГ

**Эл аралык федерациясы: World Para Powerlifting**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

Спорттун бул түрү эч кандай класска бөлүнбөйт, эгерде спортчу классификациянын критерийине туура келсе ал каалаган салмактагы категориядагы мелдештерге катышууга укугу бар.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Спорттун пара пауэрлифтинг түрү атлеттин денесинин жогорку бөлүгүнүн күчүн сыноосун көрсөтөт. Катышуучунун тапшырмасы, ал штанганы өзүнүн салмактык категориясынан эң жогорку абалда көтөрүү. Кээде спортчу өзүнүн салмагынан эки-үч ирээт штанганы жогору көтөрөт.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Атайын адистештирилген штанга топтому, паралимпиадалык спортчу үчүн жатып түртүү үчүн үстөл, блиндер, гриф.







## ПАРА ТАЭКВОНДО

**Эл аралык федерациясы: International Taekwondo Federation (ITF)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын колу-бутунун кыскалыгы, ампутацияланышы, дисмелия (тубаса буту-колу жана денесиндеги кемтиктер)

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спортчулар жалпы 4 класска бөлүнөт:

К41 классы – эки колдун чыканакка чейинки бөлүгүнүн ампутацияланышы,
К42 классы – бир колдун чыканакка чейинки бөлүгүнүн ампутацияланышы,
К43 классы – эки колдун чыканактан кийинки бөлүгүнүн ампутацияланышы,
К44 классы – бир колдун чыканактан кийинки бөлүгүнүн ампутацияланышы.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Таэквондо оюнунун мүнөздөмөлүк артыкчылыгы-мелдеш учурунда бутту активдүү колдонуу. Башкача айтканда соккуну узатууда жана блок коюда негизги ролду бут ойнойт. Бирок бут менен башка тебүүгө уруксат берилбейт. Мелдештерде кыздар жана балдар да катышууга укуктуу.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Спорттук зал, татами, бобок-кимоно, коргоочу амуниция.





# ПАРА БАДМИНТОН

**Эл аралык федерациясы: Badminton World Federation (BWF)**

## СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: БЦШ баардык түрлөрү, адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү.

## КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

WH1 жана WH2 - бул классификацияга денесинин төмөнкү бөлүгү жабыркаган спортчулар кирет.

SL3, SL4, SU5 - бул бөлүккө БЦШнын баардык түрлөрү, басып жүрүүгө же туруп турууга мүмкүнчүлүгү бар кыска же буту кесилген спортчулар кирет.

Ss6 - бул классификацияга дене-боюнан жабыркагандар кирет.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Оюндун негизги шарты, кадимки бадминтондон айрымасы спортчулардын майыптыгына жараша классификацияланышында. Оюн 3 торчодон туруп, ар бирөөсү 21 упайга чейин топтоого мүмкүндүк алат.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Спортчулар оюн үчүн атайын адистештирилген ракеткаларды жана волан колдонот. Оюн талаасы жабык аянтчада өтүшү шарт, жана тик бурчтуу аянтта, өлчөмү 13,4 ге 5,10 метр узундугунда торчо менен ортосунан бөлүнгөн, бийиктиги 1,55 метрди камтыйт.















# ПАРА ВЕЛОСПОРТ

**Эл аралык федерациясы: UCI (Union Cycliste Internazionale)**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, булчуӊ күчүнүн бузулушу, туюк кыймылынын диапозонунун азайышы, көз көрүүсүнүн жабыркашы.

**КЛАССИФИКАЦИЯ**

Н1-классы кол менен тебүүчү велосипед (шайтан араба), дене-бөлүгүнүн төмөнкү жагынын жок болушу,

Н2-классы кол менен тебүүчү велосипед,

Н2.1-классы нерв системаларынын бузуулары жана терморегулятордун аздыгы,

Н2.2-классы дене-мүчөнүн мүмкүнчүлүгү аз бөлүгүн камтыйт,

Н3-параплегия,

Н4-диплегия атеоз, атаксия жана дистония- кол менен тебүүчү велосипед,

Н5-эки тизеге чейинки буттун ампутацияланышы,

Т1-3 дөӊгөлөктүү велосипед, атетоз жана атаксиянын олуттуу түрү,

Т2-эгиз сапастикалык гемиплегиянын 3 деңгээли.

**СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ**

Спорттун бул түрү адаптацияланган спорт түрүнө кире элек, мелдештерде эл аралык Союз велосипедистердин эрежелерин колдонот.

Аралыктар: спирнт, жеке ээрчүү, 1000м аралыкта убакыт менен жүрүү, велосипед менен топтук жана жеке жүрүш.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Спортчунун негизги экипировкалык тандеми болуп, ар кандай багыттагы велосипеддердин түрү колдонулат. (велосипед, хендбайк, трицикл).






## ПАРА СУУДА СҮЗҮҮ

**Эл аралык федерациясы: World Para Swimming**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү, БЦШнын баардык түрлөрү.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

S1-S10 – бул класстагы спортчулар физикалык жактан жабыркашат,

S11-S13 – бул класстагы спортчулар көзүнүн көрүүсүнүн бузулушунан жабыркайт,

S14 – бул класска спортчулардын акыл эсинен жабыркашы кирет.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Спортчунун тапшырмасы бассейинде белгиленген аралыктагы белгиленген убакытта башка катышуучулардан озуп чыгып, марага келүүсү эсептелет. Баардык оюнчулар өзүнүн классификациясына тиешелүү шарттар менен чыгат.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Пара сууда сүзүүчүлөрдүн жарышына 25 м жана 50 м бассейиндер колдонулат. Спорттун бул түрүндөгү негизги делген инвентарь жокко эсе. Дайыма керектелүүчүсү гидрошорта, көз айнек ж.б.



















## ПАРА ТРИАТЛОН

**Эл аралык федерациясы: International Triathlon Union (ITU)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, БЦШнын баардык түрлөрү жана көрүү мүмкүнчүлүгү аз спортчулар.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

РТ 1-классына колякада олтургандар,
РТ 2-3-4-ампутация, БЦШ (ДЦП),
РТ 5-көзү азиздер жана көрүүсү начарлар.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Паратриатлеттер 750 м суусда сүзүп жарышат, 20 км велосипедде жүрүшсө үч дөңгөлөктүү коляскада 5 км аралыкты басып өтөт. Атлеттер кезек кезеги менен баардык аралыктарды басып маарага келишет. Спортчулар классификациялык эрежеге жараша күч сынашат.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Велосипед, кол менен тебүүчү велосипед, коляска ж.б.














## АРАБА МЕНЕН РЕГБИ

**Эл аралык федерациясы: International Wheelchair Rugby Federation (IWRF)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун жана колунун кыскалыгы, тетраплегия.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Спорттун бул түрүндө 0,05 (колдун жана манжалардын кыска болуусу) тен баштап 3,5 ке чейинки (эң жогорку класс, жогорку мүмкүнчүлүктөргө ээ майыптар). Оюн учурунда баллдык эсептөөнүн максималдуу бөлүгү 8,09 (Мисалы 3,0 +2,0+2,0+1,0=8,0).

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Курама команда негизинен 4 адамдан турат, мындан сырткары дагы 8 адам кезекте турушат. Оюндун жүрүшү же классификациясы катышуучулардын физикалык жөндөмүнө жараша болот, б.а ар бир спортчуга майыптыгына жараша 0,5 тен 3,5 ке чейин суммардык балл берилет, бирок алардын жалпы эсеби 8,0 ден ашпоосу керек. Оюн 8 мүнөттөн 4 ирээт ойнолот. Оюндун максаты - каршылашынын дарбазасына топту ыргытуу менен анын карамагындагы сызыкка колясканын дөңгөлөгүн дал келтирүү.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Валейболдук топ, баскетбол үчүн спорттук коляска. Оюн талаасы кадимки баскетбол оюнунун стандарттык талаасына дал келиши керек. (15мх28м) бирок кээ бир учурда регби үчүн кошумча сызыктарды сызып берүү керектелет.













## ПАРА ЖАА АТУУ

**Эл аралык федерациясы: World Archery Federation**

**СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

Бузуулар: бутунун кыскалыгы, моюн-омурткаларынын дисфункция-сы-ишке жарамсыз бөлүгү жана БЦШ (ДЦП)нын баардык түрү.

**КЛАССИФИКАЦИЯСЫ**

ARST (archery standing) - классына ушул класстагы спортчу кол жөндөмдүүлүгүнүн бузулушуна ээ эмес, бутунун булчун күчүнүн жоктугу, ошондой эле биргелешкен кыймылдын жоктугу. Спортчу жарыш учурунда кадимки үстөлгө олтуруп же туруп ата алат.

ARW1 (archery wheelchair 1) - классы, бул топтогу спортчу кресло-коляскада олтуруп мелдешке түшөт.

ARW2 (archery wheelchair 2) - классы, спортчу жеке өзүнүн күнүмдүк коляскасын колдонуу.

**СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ**

Атлеттер таймаш учурунда, 50 метр аралыкта бутаага атуусу абзел. Спортчулар мелдешке жеке жана топтук болуп чыгууга укуктуу. Мелдеш эки этаптан турат: алар классификациялык жана плей-офф.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Жаа, жебе, бута. Жаалар эки түргө бөлүнөт:

1. классикалык
2. Блоктук (компаунд)












## ПАРА БИЙ БИЙЛӨӨ

**Эл аралык федерациясы: Para dance sport (IPC Wheelchair Dance)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын бутунун кыскалыгы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Колякскада бийлөөдө 6 спорттук жана 4 жарыштык класстар бар.
SC1, SC2, SD1, SD2, LF1, LF2
DUO ST1, DUO ST2, DUO LA, DUOLA.

**СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ**

Колямскада бийлөөдө ар түрдүү формалар орун алат, алардын бири соло бийлөө (жалгыз).

(SINGLE DANCE) - жалгыз адам бийлеп жатканда кресло-коляска гана колдонулат, ал эми эки адам бийлеп жаткан учурда комбинардык ыкма менен болот - ал - DUO DANCE, кээбир учурда коляскадагы бийчи басууга мүмкүнндүгү бар өнөк менен бийлөө - COMBI DANCE деп аталат.

**ЖАБДЫЛЫШЫ**

Спорттук зал, спорттук кресло-коляска.








## ПАРА КОЛЯСКАДА ТЕННИС

**Эл аралык федерациясы: International Table Tennis Federation (ITTF)**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы же ампутацияланышы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү, БЦШ (ДЦП)нын баардык түрлөрү.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

OPEN - классында эң күчтүү, тажрыйбалуу жана жогорку рейтингдеги спортчулар ойнойт.

SECOND - draw - бул класска тажрыйбасы мол, бирок рейтинги төмөн спортчулар кирет.

B - division – бул класста спорт оюндарына жаңыдан катышып жаткан атлеттер кирет.

Quad - моюн - омурткалары жабыркаган спортчулар бул классты толукташат.

### СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Бул оюндун эрежеси салттуу теннис оюнунун эрежелерин кайталайт, бирок катышуучулардын аналогдук көндүмдөрдү билүүсү шарт болуп эсептелет. Оюн учурундагы жалгыз гана айрымачылык бул оюнчуга эки аут берилет, ал аут көрсөтүлгөн чектин ичинде гана. Бул спорттун түрүнө катышуу үчүн биринчи кезекте спортчу медициналык текшерүүдөн өтүүсү зарыл.

### ЖАБДЫЛЫШЫ

Ракетка, теннис тобу, атайын коляска жана теннис ойноочу корт.












# ПАРА КОЛЯСКАДА КЫЛЫЧТАШУУ

**Эл аралык федерациясы: International Wheelchair and Amputee Sports Federation**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: адамдын боюнун, бутунун кыскалыгы, моюн-омурткаларынын дисфункциясы-ишке жарамсыз бөлүгү, БЦШнын баарык түрлөрү.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

А – классы БЦШ (ДЦП) менен ооруган, дененин төмөнкү бөлүгү ампутацияланган,

В – классына спортчулардын көкүрөк, омуртка жактарынан жабыркагандар кирет.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Оюнчулардын колясказы эки жак бетинен тактайга бекитилген абалда таймашка чыгышат. Спорттун бул түрүндө оюндар электр жабдыктары менен өтөт, башкача айтканда каршылашынын денесине кылычты же шпаганы тийгизгенде автоматтык эсептөө кетип турат. Бул спорттук мелдеште аялдар шпага жана рапира колдонсо, эркектер рапира, кылыч жана шпага колдонуп оюн талаасына чыгууга мүмкүндүгү бар. Оюндун максаты каршылашынан биринчи болуп 15 упай топтоосу зарыл.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Оюн талаасы 4Х1,5 м, рапира, шпага, кылыч, курал, айнек беткап, атайын адистештирилген коляска жана колясканы кармап туруучу рама, электрондук автоматташтырылган машина.














## ПАРА ФУТБОЛ 5Х5

**Эл аралык федерациясы: World Para Powerlifting**

### СПОРТЧУЛАРГА КАРАТА ТАЛАПТАР

Бузуулар: көзү азиз, же көзүнөн жабыркаган жарандар катыша алат.

### КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

B1 - көзү азиздер, көзү чала көргөндөр, башкача айтканда жарыкты көрөт, бирок колунун түзүлүшүн айырмалай албайт,

B2 - көзү чала көргөндөр, 2/60 эсебиндеги же көрүү талаасы $5^0$ (градус) гана болгон спортчулар,

B3 - көздүн курчтуулугу 2/60 дан 6/60 га чейин же көрүү талаасы 5тен $20^0$ (градуска) чейинки болгон жарандар.

## СПОРТТУН СЫПАТТАМАСЫ

Топто 5 оюнчу ойнойт жана ар бир оюн 50 мүнөткө созулат. Эрежелер кадимки эле футбол оюнундай. Оюн учурунда дарбазачыдан башкасы көзү танылган абалда таймашса, дарбазачы гид катары кызмат аткарат. Таймаш учурунда топ үн чыгарган абалда кыймылдайт. Команданын оюндагы негизги максаты каршылашынын дарбазасына топ киргизүү жана өзүнүн дарбазасын коргоо. Мелдештин жыйынтыгында белгиленген убакытта ким көп упайга ээ болсо жеңиш ошол тарапта болот.

## ЖАБДЫЛЫШЫ

Оюн талаанын жалпы аянты кадимки футболдон кыйла кичине болот, ал 40Х20 м. Жарык өткөрбөөчү көз тангыч, футболдук аянтта 5Х5 аймакта тосмолор орнотулган. Коңгуроолуу топ.









# КЫРГЫЗ ПАРАЛИМПИАДАЧЫЛАРЫ



**Аргымбаев Максат** – 1989-жылы 5-октябрь күнү Чүй районундагы Садовое айылында жарык дүйнөгө келеген. Жүк ташуучу унаа менен жол кырсыгына кабылып, 5 жолку операциядан кийин спорт менен машыгып, Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эл аралык деңгээлдеги спорт чеберчилигине жеткен. 2015-жылы Исхак Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык университетинин "экономист-менеджер" адистигине ээ болгон. Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону. 2017-жылы Мехико шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк биринчиликте 11 күчтүү спортчунун арасына кире алган. 2018-жылы Жакарта шаарында болуп өткөн Пара Азиялык оюндардын катышуучусу. 2019-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто 5-орунду камсыздаган. Дүйнөлүк кубоктордун жана Азиялык чемпионаттардын катышуучусу. Кыргыз Республикасынын чемпиону жана рекордчусу.














**Абдувалиев Жалалдин** – 1993-жылы 26-декабрь күнү Сузак районунун Багыш айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз Республикасынын пара триатлон спорттун түрүнөн Эл аралык класстагы спорттун чебери. 2018-жылы Филипин мамлекетинде болуп өткөн Азия чемпионатынын коло байгесинин ээси. 2019-жылы Алма-Ата шаарында болуп өткөн Азия кубогунун коло байгесинин ээси. Жаз деми, Күз деми ж.б Эл аралык марафондордун катышуучусу. Эл аралык жана Республикалык чемпионаттардын жеңүүчүсү. Кыргыз азиздер федерациясынын жетекчиси.














**Базаркулов Арстанбек** – 1989-жылы 14-ноябрь Нарын шаарында жарык дүнөгө келген. Пара жеңил атлетиканын ядрону түртүү жана найзаны ыргытуу түрү менен машыгат. 2016-жылы Рио-де-Жанейро шаарында болуп өткөн XV жайкы Паралимпиада оюндарына катышып 9-орунду ээлеген. 2018-жылы Жакарта шаарында болуп өткөн Пара Азия оюндарында ядрону түртүү боюнча 8-орун, найза ыргытуу боюнча 11-орунду камсыздаган. Кыргыз Республикасынын чемпиону.












**Замирбек уулу Азизбек** – 2002-жылы 28-сентябрь айында Талас районундагы Калба айылында жарык дүйнөгө келген. Сокулук районуна караштуу Манас айылынын Атбашы мектеп лицейинде 10-класстын окуучусу. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнүн спорт чеберчилигине талапкер. 2019-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто жаштар арасында коло байгенин ээси. 2019-жылы Нур-Султан шаарында болуп өткөн жаштар арасындаы Дүйнөлүк чемпионаттын коло байгесинин ээси.












**Калиев Эсен** – 1983-жылы 2-январь күнү Токтогул районуна караштуу Толук айылында жарык дүйнөгө келген. 2000-2003-жж Бишкек шаардык финансы-экономикалык техникумунун “бугалтердик эсеп” адистигине ээ. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эмгек сиңирген спорт чебери. Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону жана рекордчусу. Россия Федерациясынын ачык чемпионаттарынын күмүш байгелеринин ээси. 2015-жылы Венгрия шаарында болуп өткөн Европанын ачык чемпионатында коло байгесинин ээси. 2016-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто алтын байгени багынткан. 2017-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто күмүш байгенин ээси. 2018-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто күмүш байгенин ээси. 2012-жылы Лондон шаарында болуп өткөн XIV жайкы Паралимпиада оюндарынын катышуучусу. 2016-жылы Рио-де-Жанейро шаарында болуп өткөн XV жайкы Паралимпиада оюндарынын байгелүү 5-орундун ээси. 2014-жылы Инчхон шаарында болуп өткөн Пара Азия оюндарынын катышуучусу. Дүйнөлүк, Азиялык, Европалык чемпионаттардын катышуучусу.







**Камчыбеков Адилет** – 1992-жылы 26-март күнү Талас районунун Арал айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эл аралык класстагы спорт чебери. Кыргыз Мамлекеттик Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетинин Инновациялык Кесиптер институтунун “экономист-менеджер” адистигине ээ. Кыргыз Республикасынын чемпиону. 2017-жылы Мехико шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк чемпионаттын катышуучусу. 2018-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто 6-орунду камсыздаган. 2018-жылы Жакарта шаарында болуп өткөн Пара Азия оюндарынын байгелүү 5-орундун ээси. 2019-жылы Токио шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубоктун коло байгесинин ээси. “Ала-Тоо балдары”, “Тоо балдары” боемо китептеринин автору.











**Махаматкул уулу Сагынбек** - 1991-жылдын 27-октябрында Исфана шаарында жарык дүйнөгө келеген. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн спорттун чебери. 2009-2012-жж Бишкек Медициналык Колледжинин “Стоматология Ортопедия” бөлүмүн аяктаган. 2012-2017-жж Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтун (ББЗИТИ) “Стоматология” бөлүмүн кызыл диплом менен бүтүргөн. 2017-жылы Мехико шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк чемпионаттын жана дүйнөлүк кубоктун катышуучусу. 2018-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто 1кг оордукту аз түртүү менен күмүш жана коло байгеден кол жууп, 4-орунду камсыздаган. Кыргыз Республикасынын чемпиону жана рекордчусу. Мүмкүнчүлүгү чектелгенине карабай спорттун бодибилдинг жана пауэрлифтинг спорттун түрүнүн IPC, WPC, IPF версиялары менен машыгып келет. Азыркы учурда жеке стоматология борборунда эмгектенет.












**Оросбаев Жыргалбек** – 1993-жылдын 19-июль айында Аксы районунун Падыша-Ата айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эмгек сиңирген спорттун чебери. 2013-2016-жж Кыргыз Республикасынын Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетинин Инновациялык Кесиптер институтунун "бугалтердик эсеп" адистигине ээ. Жаштар арасында Дүйнөнүн жана Азиянын рекордчусу. 2010-жылы Россия Федерациясынын жаштар арасындагы чемпионатында алтын байгенин ээси. 2014-жылы Инчхон шаарында болуп өткөн Пара Азиялык оюндарда байгелүү 4-орунду ээлеген. 2015-жылы Россия Федерациясынын чемпионатында коло байгени камсыздаган. 2016-жылы Рио-де-Жанейро шаарында болуп өткөн XV жайкы Паралимпиада оюндарынын катышуучусу. 2017-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубокто коло байгенин ээси. 2018-жылы Жакарта шаарында болуп өткөн Пара Азиялык оюндарда байгелүү 5-орундун ээси. 2018-2019-жж Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубоктордо күмүш байгелеринин ээси. Дүйнөлүк, Азиялык жана Европалык чемпионаттардын катышуучусу. Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону жана рекордчусу.








**Өмүрбеков Роман** – 1970-жылы 25-октябрь күнү Жайыл районунун Бекитай айылында жарык дүйнөгө келеген. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эл аралык класстагы спорттун чебери. 2010-2012-жж Кыргыз Улуттук Паралимпиада комитетинин жетекчиси. 1992-жылы Барселона шаарында болуп өткөн IX жайкы Паралимпиада оюндарынын, 1996-жылы Атланта шаарында болуп өткөн X жайкы Паралимпиада оюндарынын, 2000-жылы Сидней шаарында болуп өткөн XI жайкы Паралимпиада оюндарынын, 2004-жылы Афина шаарында болуп өткөн XII жайкы Паралимпиада оюндарынын жана 2008-жылы Пекин шаарында болуп XIII жайкы Паралимпиада оюндарынын катышуучусу. Жеке машыктыруучусу Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучулар Качалов Александр жана Джабраилов Аднан.







**Эшонкулов Ражабали** – 1989-жылы 20-февральда Таджикистан Республикасынын Жергетал районуна караштуу Сайрон айылында жарык дүйнөгө келген. Кыргыз Республикасынын пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Эл аралык класстагы спорттун чебери. Кыргыз Мамлекеттик Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетин аяктап, “информатик-экономист” адистигине ээ. 2014-жылы Инчхон шаарында болуп өткөн Пара Азия оюндарынын катышуучусу. 2014-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк чемпионаттын катышуучусу. 2015-жылы Алма-Ата шаарында болуп өткөн ачык Азия чемпионатынын катышуучусу. 2017-жылы Дубай шаарында болуп өткөн Дүйнөлүк кубоктун катышуучусу. Россия Федерациясынын чемпионаттарынын катышуучусу. Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону.












**Джабраилов Аднан** – 1953-жылы 17-октябрь күнү Казак ССРи, Семипалатинск облусу, Көкпекти району, Көкпекти айылында жарык дүйнөгө келген. Фрунзе Политехникалык институтунун унаа траспорттору боюнча "инженер-механик" адистигине ээ болгон. СССРдин оор атлетика спорттун түрүнөн спорттун чебери жана жаштар арасында рекордчусу. Эл аралык категориядагы жалпы союздук жогорку калыс. Кыргыз Республикасынын дене-тарбия жана спорт тармагына Эмгек сиңирген ишмери. Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген машыктыруучусу. Кыргыз Республикасынын дене-тарбиясынын отличниги. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак Грамотасынын ээси. ИИМдин жана УКМКнын Ардак Грамоталарынын ээси. Жылдын мыкты машыктыруучусу. Бишкек шаардык кеңешинин "күмүш" жана "мекенчил" Ардак белгилеринин ээси. Кыргыз Республикасында Паралимпиада оюндарынын пауэрлифтинг спорттун түрүн өнүктүрүү менен Паралимпиада оюндарын өнүктүрүүгө мээнети зор. Пара пауэрлифтинг курама командасынын башкы машыктыруучусу. Паралимпиада оюндарынын, Пара Азия оюндарынын жана Дүйнөлүк, Европалык, Азиялык чемпионаттардын байгелүү спортчулар Кыргыз Республикасына Эмгек сиңирген спортчулары: Эсен Калиев, Жыргалбек Оросбаев жана Кыргыз Республикасынын Эл аралык класстагы спорт чеберлери Роман Өмүрбеков, Аблигет Акматов, Шавкат Мугалимов, Жыргалбек Балбаков, Ражабали Эшонкулов, Максат Аргымбаев жана Адилет Камчыбековдун, Кыргыз Республикасынын спорт чебери Махаматкул уулу Сагынбектин, Кыргыз Республикасынын спорт чеберине талапкер Канатбек уулу Азамат жана Замирбек уулу Азизбектин жеке машыктыруучусу.

# ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН ТАРЫХЫ




Биринчи Паралимпиада оюндары Италия өлкөсүнүн Рим шаарында 1960-ж 18-25 сентябрь күндөрү өткөн. Мелдеште жалпысынан 17 өлкөдөн 209 спортчу (164 эркек жана 45 аял) 8 спорттун түрү менен күч сынашкан. Италия мамлекети бул мелдеште 29 алтын, 28 күмүш, 23 коло байгени багынтып, жалпы эсепте 80 байгенин ээси болуу менен эң күчтүү курама тайпа деп табылган. Италия мамлекетинин спортчусу SCUTTI Maria жеңил атлетика спорттун түрүнөн 10 алтын, 3 күмүш, 2 коло байгени багынтуу менен эң көп байгенин ээси болгон.




II Паралимпиада оюндарында (Япония, Токио шаары 1964-жыл 8-12-ноябрь) 21 өлкөнүн ичинен 378 спортчу 9 спорттун түрү менен күч сынашкан. Жалпы медалдык эсептин башында эң күчтүү курама тайпа 50 алтын, 41 күмүш, 32 коло байгеси менен Америка Кошмо Штаттары аталган. 1964-жылкы Паралимпиада оюндарында 60 м аралыгында эркектер жана аялдар арасында чуркоо ирээтинде араба (инвалидная коляска) менен жарышуу мелдештин тизмесине кирген. Буга чейинки Пара оюндарында жаа атуу, пара жеңил атлетика, дартчери снукер, пара сууга сузүү, үстөл үстүндө теннис, оор атлетика, араба менен баскетбол ойноо жана араба менен фехтования оюндары менен мелдештер болуп келген. Паралимпиада оюндарынын салтанаттуу ачылышында 5000 көрүүчү менен бирге ханзаада Акихито жана ханбийке Мичико да катышкан. Паралимпиада оюндарынын жабылыш аземинде, Паралимпиада оюндарын автору жана атасы катары эсептелген Улуу Британиялык нейрохирург Людвиг Гуттман да катышкан.




III Паралимпиада оюндарында (Израиль, Тель-Авив шаары 1968-жыл 4-13-ноябрь) 29 өлкөдөн 750 спортчу катышып, 10 спорттун түрүнөн 20 дүйнөлүк рекорд жана 20 Паралимпиадалык рекорд жаңыланган. Алгач Паралимпиада оюндарын 1968-жылда Мехико шаарында болуучу Олимпиада оюндары менен чогуу өткөзүү идеясы болгон. Бирок Мексика өкмөтү Паралимпиада оюндарын өткөзүү милдетинен техникалык кыйынчылыктын себебинен баш тарткан. Гершон Хуберман жетекчилиги тарабынан 1964-жылдан Токио Паралимпиадасынан баштап спорттук программалар кыйла кеңейген. Лужайка, аялдар арасында арабада (коляска) баскетбол ойноо жана эркектер арасында 100 метрге чуркоо жаңы спорттук иш чаралар көргөзүлгөн. Араба менен баскетбол ойноо, пара сууга сүзүү жана пара жеңил атлетика спорттун түрлөрүндө классификациялык өзгөрүүлөр болгон. 25 жаштагы Италиялык атлет 1964-жылы болгон Токио Паралимпиадасынын эки жолку алтын байгесинин ээси жана үч спорттун түрүнөн 10 алтын байгенин ээси болуп, Тель-Авив-1968 Паралимпиадасынын чыгаан спортчусу аталган.




IV Паралимпиада оюндарында (Германия, Хайдельберг шаары 1972-жыл 2-11-август) 43 өлкөдөн 984 спортчу катышып, 10 спорттун түрүнөн күч сынашкан. Пара оюндар Хайдельберг шаарындагы университеттин дене-тарбия институтунда болуп өткөн. Жалпы медалдык эсепте Германия 28 алтын, 17 күмүш, 22 коло байге менен эң күчтүү курама тайпа деп табылган. Мелдештин программасына жаңы спорттун түрлөрү кирген: голбол, көрүүсү бузулган спортчулардын арасында 100 метр аралыкта чуркоо. Эркектер арасында баскетбол оюнунун финалдык беттешинде, Америка Кошмо Штаттары Паралимпиада чемпиондору Израиль курама тайпасын 59-58 эсебинде утканы, төрт миңден ашуун көрүүчүнүн көңүлүн бурган.

V Паралимпиада оюндары (Канада, Торонто шаары 1976-жыл 4-12-август) 40 өлкөдөн 1657 спортчу катышып, 13 спорттун түрүнөн мелдештер болуп өткөн. Биринчилерден болуп Паралимпиада оюндарында муундарынан ампутация болгон 261 спортчу жана көрүүсү бузулган 187 спортчу спорттук мелдештердин катышуучусу болгон. Жыйырма төрт миң көрүүчүгө толгон Woodbine ипподромунда 3-август күнү Паралимпиада оюндарынын ачылыш аземи тарыхта калган. Алгачкылардан болуп Паралимпиада оюндары сыналгыдан ар күн сайын Түштүк Онтарио районунда 600 000 кишиге көрсөтүлгөн жана бул Торонто Паралимпиада оюндарынын эң чоң жаңылыгы болгон.

VI Паралимпиада оюндары (Нидерланды, Арнем шаары 1980-жыл 21-июнь – 5-июль) 43 өлкөдөн 1973 спортчу, 13 спорттун түрүнөн ат салышкан. Бул Паралимпиада оюндарында ар бир федерацияны тааныштырган Эл аралык бири-бирине шайкеш келүү (координациялык) комитетин (ICC) түзүүгө баштапкы аракеттер көрүлүп баштаган. Жыйынтыгында Эл аралык Паралимпиада комитети (МПК) түзүлүп, акыркы он жылдыкта Паралимпиада оюндарын жетектеген орган болот. Он эки миң көрүүчүгө толгон “Папендаль” стадионунда Эл аралык Паралимпиада комитетинин урматтуу мүчөсү ханбийке Маргриет Паралимпиада оюндарын салтанаттуу түрдө ачкан. Биринчилерден болуп олтуруп ойноочу волейбол оюну, Паралимпиадалык оюндардын программасына кирген. Жаңы Зеландиялык жаачы Нероли Фэрхолл Паралимпиада оюндарынын жеңүүчүсү болуп, 1984-жылы Лос-Анджелесте өткөн Олимпиадалык оюндарга катышып, 56 спортчунун ичинен 35-орунга ээ болгон.

VII Паралимпиада оюндары ( Улуу Британия, Сток Мандевиль шаары 1984-жыл, 22-июль – 1-август, Америка Кошмо Штаттары, Нью-Йорк шаары 16-30-июнь ) дүйнөнүн эки тарабында болгон. Нью-Йорк шаарында муундарынан ампутация болгон, шал оорусу менен жабыркаган жана көрүүсү бузулган 45 өлкөдөн 1800 спортчу жана Сток Мандевильде жүлүн мээсинен жабыркаган 41 мамлекеттен 1100 спортчу 18 спорттун түрүнөн күч сынашкан. АКШнын президенти Рональд Рейган 17-июнда Митчелла паркында жана ханзаада Чарльз Сток Мандевильде 22-июль күнү 3000 көрүүчүнүн коштоосунда Паралимпиада оюндарынын салтанаттуу аземине катышуу менен жогорку деңгээлде уюштурулган.

VIII Паралимпиада оюндарында (Түштүк Корея, Сеул шаары 1988-жыл, 15-24-октябрь) 61 өлкөдөн 3057 спортчу катышып, 971 дүйнөлүк рекорд жана 156 Паралимпиадалык рекорд жаңыланган. 6431 жеке ыктярчы Паралимпиада оюндарын жогорку деңгээлде өткөзүүгө чоң салым кошкон. Алгачкылардан болуп Олимпиада оюндары өткөн жайда Паралимпиада оюндары болуп өткөн. 7500 көрүүчүнүн астында Паралимпиада оюндарынын жаңы желеги тааныштырылган. СССР курама командасы биринчи жолу Паралимпиада оюндарына катышкан.






IX Паралимпиада оюндарында (Испания, Барселона шаары 1992-жыл, 3-14-сентярь) 83 өлкөдөн 2999 спортчу катышып, 16 спорттун түрүнөн 279 дүйнөлүк рекорд жаңыланган. Паралимпиада оюндары 7 миллиондон ашуун кишиге сыналгы аркылуу чагылдырылып турган. КМШ мамлекттеринен турган курама команда түзүлүп, Кыргыз Республикасынан Өмүрбеков Роман пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн 52 кг салмакта 7-орунду ээлеген. Көрүүсү бузулган америкалык суучул Триша Зорн 10 алтын жана 2 күмүш байгенин ээси болуу менен мыкты спортчу аталган. Бир колу ампутация болгон Нигерия өлкөсүнүн спортчусу Ajibola Adeoye 100 метр аралыкты 10.72 секундда чуркап, көрүүчүлөрдү таң калтырган.

X Паралимпиада оюндарында (АКШ, Атланта шаары 1996-жыл, 16-25-август) 104 өлкөдөн 3259 спортчу катышып, 269 дүйнөлүк жана 508 Паралимпиадалык рекорд жаңыланган. 12 миң жеке ыктярчы Паралимпиада оюндарын жогорку деңгээлде өткөрүүгө чоң салым кошкон. Үчүнчү Паралимпиадалык конгресс өтүп, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саясий жана экономикалык укуктары, мүмкүнчүлүктөрү каралган. Кыргыз Республикасынын атынан Паралимпиада оюндарына пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Чалиев Ниязбек жана Өмүрбеков Роман катышкан. Паралимпиада оюндарынын атагы дүйнө аралап, алгачкы корпоративдик дүйнөлүк демөөрчүлөрдү өзүнө тарта алган. Австралиялык жеңил атлетчи Луиза Соваж инвалиддик араба менен 400, 800, 1500 жана 5000 метр аралыкта алтын байгенин ээси болуп, укмуштуудай чеберчилигин көргөзгөн.

XI Паралимпиада оюндарында (Автралия, Сидней шаары 2000-жыл, 18-29-октябрь) 123 өлкөдөн 3879 спортчу катышып, Пара оюндары дүйнө элдерине кенен тарап баштаган. 13 миң жеке ыктыярчы, 1,2 миллион көрүүчү жана сыналгыдан топтолгон 300 миллион көрүүчү Паралимпиада оюндарына көз салып турушкан. Спорттук иш чаралар жогорку деңгээлде уюштурулган. Гисов Эдуард жана Өмүрбеков Роман Кыргыз Республикасынын кадыр-баркын көтөрүү менен туусун Паралимпиада оюндарынын ачылыш жана жабылыш аземдеринде желбиреткен.

XII Паралимпиада оюндарында (Греция, Афина шаары 2004-жыл, 17-28-сентябрь) 135 өлкөдөн 3808 спортчу, 19 спорттун түрүнөн күч сынашкан. Дзюдо жана аялдар арасында олтуруп ойноочу волейбол спорттун жаңы түрлөрү кирген. Дүйнө жүзүнөн сыналгыдан топтолгон көрүүчүлөр 1,852 миллиардга жеткен. Паралимпиада отун 410 км аралыкта, 705 шамана көтөрүүчүлөр 45 шаар, кыштакты аралап, Паралимпиада оюндарынын ачылыш аземине алып келишкен. Кыргыз паралимпиадачылары Мугалимов Шавкат пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн Паралимпиада оюндарынын катышуучусу жана Өмүрбеков Роман пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн 52кг салмак чен бирдигинде байгелүү 6-орунду камсыздаган.





XIII Паралимпиада оюндарында (Кытай, Пекин шаары 2008-жыл, 6-17-сентябрь) 146 өлкөдөн 3951 спортчу, дүйнөлүк 279 жана Паралимпиадалык 339 рекордду жаңылаган. Сыналгыдан топтолгон көрүүчүлөрдүн саны 3,8 миллиардка жетип, Паралимпиада оюндары жогорку деңгээлде уюштурулган. “Чымчык уясы” стадионунда 90 миң көрүүчүнүн астында, кыргыз байрагын Өмүрбеков Роман көтөрүп чыккан. Кийинки Паралимпиада оюндарын кабыл алуучу Лондон шаары, сегиз мүнөттүк спектакль ичинде “спорт” жаштардын жашоосунда кандай оң таасир берээри чагылдырылган. Ар бир Паралимпиада оюндарында, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды физикалык жактан өзүн-өзү калыптандырууга үндөп келген.

XIV Паралимпиада оюндары (Улуу Британия, Лондон шаары 2012-жыл, 29-август – 9-сентябрь) бүткүл Паралимпиада оюндарындагы эң чоң иш чара аталган. Катышуучулардын, көрүүчүлөрдүн жана ММКлардын саны жогорку чекке жеткен. Паралимпиада оюндары ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга болгон көз караашты, Улуу Британия элине бир кыйла өзгөрткөн. Эл аралык Паралимпиада комитетинин жетекчиси Филип Кравен алгачкы беш шамана көтөрүүчүлөрдүн катарында болгон. Кыргыз спортчусу Калиев Эсен пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн он мыкты спортчунун арасына кире алган.






XV Паралимпиада оюндары (Бразилия, Рио-де-Жанейро шаары 2016-жыл, 7-18-сентябрь) алгачкылардан болуп Латын Америкада өтүп, элдердин оюну аталышында эсте калган. Рио шаарынын тургундары, Паралимпиада оюндарын жогорку деңгээлде өтүшүнө чоң салым кошкон. Белгилүү "Маракана" стадионунда ачылыш жана жабылыш аземи өткөн. Кыргыз спотчусу Калиев Эсен пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн 54кг салмакка чейин 154кг салмакты түртүп, акыркы мүмкүнчүлүгүндө 163кг оордукту ийгиликсиз жыйынтыктап, Паралимпиада оюндарынын коло байгесинен кол жууп, байгелүү 5-орунду ээлеген. Оросбаев Жыргалбек пара пауэрлифтинг спорттун түрүнөн 107кг салмакка чейин 203кг оордукту түртүү менен байгелүү 6-орунду камсыздаган.









# МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ....5
ЖАЙКЫ ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ....6
АКАДЕМИЯЛЫК ГРЕБЛЯ....6
БОЧЧА....8
АРАБА МЕНЕН БАСКЕТБОЛ....10
ОЛТУРУП ОЙНООЧУ ВОЛЕЙБОЛ....12
ГОЛБОЛ....14
АТ ОЮНУ....16
ПАРА ДЗЮДО....18
ПАРА ОК АТУУ....20
ПАРА ҮСТӨЛ ТЕННИСИ....22
ПАРА ЖЕҢИЛ АТЛЕТИКА....24
ПАРА КАНОЭ....26
ПАРА ПАУЭРЛИФТИНГ....28
ПАРА ТАЭКВОНДО....30
ПАРА БАДМИНТОН....32
ПАРА ВЕЛОСПОРТ....34
ПАРА СУУДА СҮЗҮҮ....36
ПАРА ТРИАТЛОН....38
АРАБА МЕНЕН РЕГБИ....40
ПАРА ЖАА АТУУ....42
ПАРА БИЙ БИЙЛӨӨ....44
ПАРА КОЛЯСКАДА ТЕННИС....46
ПАРА КОЛЯСКАДА КЫЛЫЧТАШУУ....48
ПАРА ФУТБОЛ 5*5....50
КЫРГЫЗ ПАРАЛИМПИАДАЧЫЛАРЫ....52
ПАРАЛИМПИАДА ОЮНДАРЫНЫН ТАРЫХЫ....63

www.jashtar.gov.kg | www.sport.gov.kg | www.talasyouth.org

sport.gov.kg

sport.gov.kg | talas.molodej

sport.gov.kg | www.jashtar.gov.kg | molodej_talas

(0312) 32 49 80, (0778) 43 63 93, (03422) 5 56 30, (0707) 92 19 94

Бишкек шаары, Тоголок Молдо 17